ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№04/24 протоколу

2024-ж. 19-декабрь Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 6
Катышпагандар: 1 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Илимий жана тарбиялык иштердин абалы, алдыда аткарылуучу иштер жөнүндө	Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
2	2024-2025 окуу жылы үчүн жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы жана кышкы кабыл алууга карата даярдыктар жөнүндө	Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы	Баяндама, токтом долбоору
3	**Ар түрдүү маселелер**		
3.1	ЖАЭУнун структурасына жана штаттык жадыбалына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Ректор	Баяндама, токтом долбоору
3.2	ЖАЭУнун өздүк төш белгисин, туусун жана аларга тиешелүү жоболорду кабыл алуу жана бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, тиешелүү жоболор, токтом долбоору
3.3	Англис тили боюнча сертификаттары бар штаттык жана айкалыштыруучу окутуучу лардын айлык маянасына кошумча төлөмдөр жөнүндө	Медицина факультетинин деканы	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча ЖАЭУнун Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! 2024-2025-окуу

жылына карата Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча иш пландары бекитилген. Иш план боюнча иш журуп жатат.”

Зульфия Атамырзаевна аткарылган ар бир ишке токтолуп, келечекте аткарыла турган жумуштарди кеңири айтып берди (слайд боюнча баяндама жасады, баяндаманын материалдары тиркелет).

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын жана пландын аткарылышы көзөмөлдөнсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Кабыл алуу комиссиясы өз ишин улантууда. Жайкы кабыл алуу өз максатына жетти, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте студенттерди кабыл алуу сайтына катталып жайкы кабыл алууда 60 студентти ийгилтиктүү кабыл алдык.

Кышкы кабыл алуу боюнча биз бир гана Дарылоо иши адистигине студенттерди кабыл алууга жарыя бергенбиз. Биздин кабыл алуу планыбыз боюнча дагы 80 студент ала алабыз. Чет элдик студенттерди кабыл алуу боюнча видео тынымсыз жарыяланып жатат. Жергиликтүү студенттерди университетибизге тартуу үчүн ачык эшиктер күнүн тынымсыз өткөрүп турушубуз абзел.”

Суроолор берилди:

Суроо-1: Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев: –“Эмне үчүн лицензиябыз бар болгон башка адистиктерге студенттерди кышкы кабыл алууда албайбыз?”

Жооп-1: Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к., Н.А.Садырова: – “ Практикадан маалым болгондой чоң окуу жайлар да кышкы кабыл алууда бир группа боло турган студенттердин санын камсыз кыла алышпаган, ошондуктан бизде бир гана Дарылоо иши адистигине кышкы кабыл алууда студенттерди кабыл алалы деп чечтик.”

Сөзгө чыккандар:

1. Медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астанов: – “Эң туура чечим болуптур. Айтылган шарттарды эске алуу менен кабыл алууну жогорку денгээлде уюштурабыз деп ишенем.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды: Жайкы кабыл алуу боюнча жооптуу катчынын маалыматы эске алысын, кышкы кабыл алуу боюнча пландар түзүлүп, план боюнча иш алып барылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3. Ар түрдүү маселелер:

3.1-маселе боюнча Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Административдик кеңеште да айтылып талкууланган, структурабызга өзгөртүү киргизүү зарылдыгы келип чыгып жатат. Ошондуктан эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор кызмат ордун ачууну талкууга коём. Биз эл аралык университет болгонубузга байланыштуу чет элдеги окуу жайлар жана мекемелер менен келишим түзүү жана инвестиция тартууда аталган штаттын болушу зарыл болуп жатат. Анткени келишимдерди түзүүдө университет тарабынан жогорку кызмат ордундагы кызматкердин болушу өтө

маанилүү. Бизде буга чейин структурада бар болгон эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмү ушул ачылып жаткан проректорлук штатка түздөн түз баш ийет.

Структуралык өзгөртүүлөрдүн негизинде сөзсүз түрдө штаттык жадыбалга да өзгөртүүлөр киргизилет. Башкача айтканда штаттык жадыбалдын ректорат бөлүмүндө бир чен Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штаты ачылат. Ошондой эле зарылчылыкка байланыштуу Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен имараттарды, курулуштарды жана жабдууларды утурумдук оңдоп түзөө (тейлөө) боюнча жумушчу, башкача айтканда түрдүү иштерди аткаруучу жумушчу штаты ачылышы зарыл болуп жатат. Анткени административдик-окуу корпусунда мезгил-мезгили менен ар кандай көйгөйлөр чыгып, ар кандай утурумдук жумуштар көп болуп жатат. Ошондой эле окуу жайыбыз Эл аралык маанига ээ болгондуктан, университеттеги иш чараларды коомчулукка алып чыгууда жана чет элден келүүчү абитуриенттерге жарыяларды жасоодо, СММ штатынын болушунун зарылчылыгы келип чыкты. Бул штат эл аралык байланыштар бөлүмүнө карайт ”

Сөзгө чыккандар.

1. Окуу иштери боюнча проректор м.и.к., Садырова Н.А. – “Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штатынын ачылышы эң туура чечим деп ойлойм, себеби эл аралык денгээлде аткарылуучу иштердин жүрүшүндө бул кызмат орундун мааниси чоң жана бизге абдан керек. Бардык сунуштарды колдойм.
2. Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык ишер боюнча проректор т.и.к., доцент З.А.Асилова – “Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штатынын ачылышын мен да колдойм, себеби илимий иштерди эл аралык денгээлде жүргүзүүдө, эл аралык денгээлдеги проекттик кызматташууда бул штаттын орду чон, жана ишинин көлөмү туура келет. Ошондой эле илимий басылмалар менен кызматташтык жүргүзүүдөгү мааниси чоң. Бул сунуш менен бирге калган сунуштарды да колдойм”
3. Административдик чарба иштери боюнча проректор Э.Ш.Торокулов – “Албетте эки штаттын ачылышын колдойм. Эл аралык мамилелер жана инвестициялар боюнча прректор бизге абдан керек. Ал эми Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен имараттарды, курулуштарды жана жабдууларды утурумдук оңдоп түзөө (тейлөө) боюнча жумушчу, башкача айтканда түрдүү иштерди аткаруучу жумушчу штаты ачылышы өтө зарыл. Айрыкча кыш мезгилинде бузулуу, өндөп түзөө жана ушул сыяктуу иштер көп болот. Бардык сунуштарды колдойм.”
4. Укук маселелери жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Б.Ж.Сыдыкова – “Мен да өз сөзүмдө университтин штаттык жадыбалынын ректорат бөлүмүндө бир чен Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штаты, жана зарылчылыкка байланыштуу Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен имараттарды, курулуштарды жана жабдууларды утурумдук оңдоп түзөө (тейлөө) боюнча жумушчу жана Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүндө бир чен СММ-маркетолог штатытарынын ачылышын колдойм. Себеби бул иш орундардын ачылышына муктаждык бар жана бул орундарды кайталаган кызмат, штат жок экенин белгилейм., ”

Токтом долбоору:

1. Ректорат бөлүмүндө бир чен Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штаты ачылсын;

2. Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен имараттарды, курулуштарды жана жабдууларды утурумдук оңдоп түзөө (тейлөө) боюнча жумушчу – түрдүү иштерди аткаруучу жумушчу штаты ачылсын;

3. Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүндө бир чен СММ-маркетолог штаты ачылсын;

4. Киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде ЖАЭУнун структурасы жана штаттык жадыбалы кайрадан бекитилсин;

5. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: "Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Өзүңүздөргө белгилүү болгондой окуу жайдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон негизги атрибуттарды жана алардын жоболорун административдик кеңеште талкуулаганбыз. Ошондуктан ЖАЭУнун өздүк төш белгисин, туусун жана алардын жоболорун бекитип берүүгө добушка койсок жакшы болот."

Токтом долбоору: Сунушталган варианттагы ЖАЭУнун өздүк төш белгисин, туусун жана аларга тиешелүү жоболору кабыл алынсын жана бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.3-маселе боюнча медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М. - "Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Өзүңүздөргө белгилүү болгондой окуу жайдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон негизги талаптардын бири болуп чет тилинде сабак өтүү болгондуктан, окутуучуларга мотивация берүү жана сапатын жогорулатуу максатында англис тили боюнча сертификаттары бар штаттык жана айкалыштыруучу окутуучулардын айлык маянасына кошумча төлөмдөр жөнүндөгү маселени карап чыкканбыз.

2025-жылдын 1-январынан баштап англис тилинен TOEFL жана IELTS боюнча экзамен тапшырган жана тиешелүү деңгээлдер боюнча сертификаттарга ээ болгон штаттык жана айкалыштыруучу окутуучулардын айлык маянасына төмөнкү таблицага ылайык кошумча төлөмдөрдүн өлчөмүн бекитип берүүнү сунуш кылам.

№	Деңгээли	1 чен үчүн
1	A1	8000
2	A2	12000
3	B1	16000
4	B2	20000
5	C1	25000
6	C2	30000

Бул кошумча төлөмдөр бир ченден көп эмес окуу жүктөмү үчүн төлөнүп берилүүсү сунушталып жатат. Эгерде окуу жүктөмү бир ченден төмөн болсо, анда бир чен үчүн көрсөтүлгөн кошумча төлөмдүн өлчөмүнөн пайыздык катышта алынат. Мисалы окутуучу 0,25 чен менен иштесе жана англис тили деңгээлди A1 болсо, анда ал окутуучуга ай сайын 2000 сом өлчөмүндө кошумча төлөнөт."

Сунуштар:

1. Окуу иштери боюнча проректор м.и.к., Садырова Н.А. – "Албетте бул сунушту колдойм, себеби биздин окуу жайда чет элдик студенттерге окуу тили англис тили болгондуктан, окуу жайга мыкты тил билген, күчтүү адистерди тартууда бул чечим кошумча шык берет. Эн туура сунуш болду, сиздерди да колдоону сунуштайм.
2. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев –"Албетте биздин окуу жайда студенттер үчүн да окутуучулар үчүн да эң мыкты шарттар болушуна аракет жасап жатабыз. Англис тилинен TOEFL жана

IELTS боюнча экзамен тапшыруу жана сертификатка ээ болуу чон эмгекти талап кылат. Окутуучунун эмгеги сөзсүз бааланыш керек. Сунуш эң туура болгон деп эсептейм. ”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. 2025-жылдын 1-январынан баштап англис тили боюнча TOEFL жана IELTS сынактарын тапшырган жана тиешелүү деңгээлдер боюнча сертификаттарга ээ болгон штаттык жана айкалыштыруучу окутуучулардын айлык маянасына ар ай сайын кошумча төлөнүүчү төлөмдөрдүн өлчөмү жогорку таблицада көрсөтүлгөн өлчөмдө бекитилсин;

2. Кошумча төлөмдөр бир ченден көп эмес окуу жүктөмү үчүн гана төлөнүп берилсин (окуу жүктөмү бир ченден төмөн болгон учурда бир чен үчүн көрсөтүлгөн кошумча төлөмдүн өлчөмүнөн пайыздык катышта алынат);

3. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын жана пландын аткарылышы көзөмөлдөнсүн;
2. Жайкы кабыл алуу боюнча жооптуу катчынын маалыматы эске алысын, кышкы кабыл алуу боюнча пландар тзлп , план боюнча иш алынып барылсын;
3. Ар түрдүү маселелер:

3.1. а) Ректорат бөлүмүндө бир чен Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор штаты ачылсын;

б) Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен имараттарды, курулуштарды жана жабдууларды утурумдук оңдоп түзөө (тейлөө) боюнча жумушчу – түрдүү иштерди аткаруучу жумушчу штаты ачылсын;

в) Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүндө бир чен СММ-маркетолог штаты ачылсын;

г) Киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде ЖАЭУнун структурасы жана штаттык жадыбалы кайрадан бекитилсин;

д) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын;

3.2. ЖАЭУнун өздүк төш белгиси, туусу жана аларга тиешелүү жоболору кабыл алынсын жана бекитилсин;

3.3. а) 2025-жылдын 1-январынан баштап англис тили боюнча TOEFL жана IELTS сынактарын тапшырган жана тиешелүү деңгээлдер боюнча сертификаттарга ээ болгон штаттык жана айкалыштыруучу окутуучулардын айлык маянасына ар ай сайын кошумча төлөнүүчү төлөмдөрдүн өлчөмү жогорку таблицада көрсөтүлгөн өлчөмдө бекитилсин;

б) Кошумча төлөмдөр бир ченден көп эмес окуу жүктөмү үчүн гана төлөнүп берилсин (окуу жүктөмү бир ченден төмөн болгон учурда бир чен үчүн көрсөтүлгөн кошумча төлөмдүн өлчөмүнөн пайыздык катышта алынат);

в) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент:  Асилова З.А.